Педагогика жана психология кафедрасынын 2025-2026-окуу жылындагы

Педагогика предметинен мамлекеттик аттестацияга кирген суроолор.

(педагогикалык бардык адистиктер үчүн)

1. Педагогика илиминин предмети, категориялары, милдеттери, системасы, башка илимдер менен байланышы.
2. Педагогика илиминин илимий изилдөө методдору жана аларга мүнөздөмө. Методдордун практикада колдонулушу.
3. Инсанды социалдаштыруу жана тарбия процесси.
4. Тарбиялоонун принциптери жана аларга мүнөздөмө.
5. Тарбиялоонун методдору, ыкмалары, алардын классификациясы.
6. Окуучулар коллективи – тарбиялоо процессин уюштуруунун формасы катары. Коллективди башкаруу.
7. Инсандын базалык маданиятын калыптандырууда жалпы адамзаттык баалуулуктардын ролу (Билим берүү стандарттары, окуу пландары, окуу программасы).
8. Окутууну уюштуруунун формалары. Сабак – окутуу ишин уюштуруунун формасы.
9. STEM жана 5E моделдери боюнча сабак өтүүнүн өзгөчөлүктөрү.
10. Окутуунун диагностикасы. Билимди текшерүү жана анын түрлөрү. Баалоо системасы.
11. Окутуунун методдору жана классификациясы. Методдордун сабактарда колдонулушу.
12. Окутуу процессинин максаты жана мазмуну. Окутуунун дидактикалык принциптери.
13. Сабактардын типтери, структурасы. Салттан тышкаркы сабактар, аларды уюштуруунун технологиясы.
14. Сабакта мультимедия жана санариптик ресурстарды колдонуу.
15. Класс жетекчинин негизги кызматы жана милдеттери, тарбиялык иштерди пландаштыруу.
16. Педагогикалык процесстин маңызы, мазмуну жана структурасы
17. Азыркы шартта тарбиялоо системасында үй-бүлөнүн ролу. Мектептин үй бүлө менен байланышуу формалары.
18. Я. А. Коменскийдин өмүрү жана педагогика илимин өнүктүрүүдөгү ролу.
19. Кыргыз этнопедагогикасындагы тарбиялоонун жалпы маселелери.
20. Кыргыз оозеки чыгармаларындагы педагогикалык идеялар (эпостордо, макалдарда).

21. 12 жылдык мектептин структурасы, баскычтары жана билим берүү стандартынын мазмундук өзгөчөлүктөрү (предметтик, метапредметтик жана жеке компетенттер).
22. Дүйнөлүк маданияттын жана илимдин өнүгүшүнө караханийлик атактуу ойчулдар Ж. Баласагын жана М. Кашгаринин салымдары.
23. Россиядагы илимий педагогиканын негиз салуучусу К. Д. Ушинскийдин педагогика илимине кошкон салымы.
24. Агартуучтулук доорундагы гуманисттик педагогиканын өкүлдөрү Д. Локк, Ж. Ж. Руссо, И. Г. Песталоцинин педагогикалык ишмердүүлүгү.
25. Кыргыз педагогикасынын алгачкы агартуучулары (И. Арабаев, К. Тыныстановдун педагогикалык ишмердүүлүгү)
26. Советтик көрүнүктүү педагог А. С. Макаренко жана В. А. Сухомлинскийдин педагогикалык ишмердүүлүктөрү жана алардын учурдагы актуалдуулугу.
27. Кыргызстандагы совет бийлигине чейинки жана тушундагы билим берүү системасынын өнүгүшү.
28. Кыргыз педагогикасын өнүктүрүүдөгү кыргыз педагогдордун кошкон салымы. (И. Бекбоев, Б. Исаков, А. Алимбеков, Г. Мадаминов ж.б.)
29. Өзгөчө муктаждыгы бар окуучулар менен иштөө өзгөчөлүктөрү.
30. Эгемендүү Кыргызстандагы билим берүү системасындагы жаңы тенденциялар.
31. Атайын муктаждыктагы балдардын башталгыч мектепке көнүүсү.
32. Инклюзивдик билим берүүдө инсандын окуу жана өнүгүү процессинин байланышынын негизги принциптери жана мыйзам ченемдүүлүктөрү.
33. Башталгыч класстарда инклюзивдик билим берүү предметинин максаты жана милдеттери.
34. Өнүгүүсүндө өзгөчөлүгү бар балдарды окутуу тарыхынын баскычтары.
35. Болочок мугалимдедин эстетикалык маданиятын калыптандыруу.
36. Эстетикалык тарбиянын өнүгүү тарыхы.
37. Эстетикалык тарбия берүүнүн шарттары жана каражаттары.
38. Педагогикалык баалоонун түрлөрү.
39. Башталгыч класс окуучуларынын окуу көндүмдөрүн жакшыртууда калыптандыруучу баалоонун орду.
40. Класс жетекчинин коммуникативдик маданиятынын эрежелери.
41. Баалоонун графикалык жана практикалык методдору.
42. Класстык саатты уюштуруу жана өткөрүү.
43. Байыркы Грециядагы тарбия берүү жана мектеп. (Батыш Европа өлкөлөрүндөгү мектеп жана педагогика).
44. Класстын психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөсү.
45. Дифференцирленген окутуунун мааниси.

46. Баланы мектепке даярдоо класстарында балдар менен иштөөнүн методдору жана формалары.
47. Мектепке даярдоо жараянында балдар менен жекече иштөөнү уюштуруу.
48. Баланы мектепке даярдоодо оюнду колдонуунун ыкмалары.
49. Сабактын мазмунунун жеткиликтүүлүгүн (түшүнүктүүлүгүн) ишке ашыруу менен инсанга багыттап окутуу.
50. Проблемалык окутуунун инсанга тийгизген таасири.
51. Сабактын этаптарынын дидактикалык милдеттерин инсанды өнүктүрүүдө чечүүнүн ролу.
52. Окутуу процессиндеги сабактарды анализдөөнүн орду жана максаты.
53. Педагогикалык чеберчиликтин маселелерин чечүүдө мектеп педагогикасы менен театралдык педагогиканын байланышы.
54. Педагогикалык техника – мугалимдин жүрүм-турумун уюштуруунун формасы катарында.
55. Педагогикалык максаттуулук жана педагогдун сырткы келбети.
56. Башталгыч класстын мугалимине тиешелүү болгон негизги сапаттар жана алардын өзгөчөлүктөрү.
57. Башталгыч класстын мугалимдеринин маданияттуулугу.
58. Мугалимдин сырткы көрүнүшү жана ички дүйнөсү.
59. Педагогикалык кесиптин коомдогу ээлеген орду жана өзгөчөлүктөрү.
60. Окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуудагы педагогдун мамилесинин ролу.
61. Баланын мектептеги окууга даяр болуусунун обьективдүү жана субьективдүү факторлору.
62. Кенже мектеп жашындагылардын окуу иш-аракети жана алардагы кездешүүчү кыйынчылыктар.
63. Сабак, сабакка психологиялык анализ берүү.
64. Баланын аң сезиминин өнүгүп калыптануусуна социалдык жана биологиялык факторлордун тийгизген таасири.
65. Эс. Эстин процесстери, түрлөрү. Эсти жакшыртуунун жолдору.
66. Окутуунун психологиясы, принциптери, мыйзам-ченемдүүлүктөрү.
67. Көңүл буруу. Көңүл буруунун физиологиялык негизи. Көңүл буруунун түрлөрүнө мүнөздөмө.
68. Психология предмети, милдеттери жана усулдары.
69. Коллективдин психологиялык теориясы
70. Педагогикалык карым-катнаш жана баланын психикалык өнүгүүсүндөгү ролу
71. Курак психологиясы предмети, милдеттери жана усулдары.
72. Темперамент. Темпераменттин түрлөрү.

73. Психология илиминин тармактары, башка илимдер менен болгон байланышы.
74. Үйрөнүүнүн психологиясынын маңызы, мазмуну, структурасы.
75. Тарбиясы оор балдар менен иш жүргүзүүнүн жолдору.
76. Мугалимдин психологиясы.
77. Ойлоо жөнүндө жалпы түшүнүк. Ойлоо операциялары жана балдардын ойлоосун өнүктүрүү.
78. Өспүрүмдөрдүн окуу иш-аракеттери, аны уюштуруунун өзгөчөлүктөрү.
79. Кенже мектеп жашындагы балдардын анатомо-физиологиялык өзгөчөлүктөрү.
80. Мугалимге таандык болгон инсандык жөндөмдүүлүктөр.
81. Мектепке жашындагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү, алардын өнүгүүсүндөгү оюн ишмердүүлүгүнүн ролу.
82. Педагогикалык психология предмети, милдеттери, усулдары.
83. 12 жылдык билим берүүгө карата мугалимдердин психологиялык даярдыгы, жаңы билимдер.
84. Жөндөмдүүлүк. Жөндөмдүүлүктүн деңгээлдери. Балдардын жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнүн шарттары.
85. Кенже мектеп жашындагы балдардын оюн, окуу иш-аракеттеринин өзгөчөлүктөрү.
86. 12 жылдык билим берүүнүн мектеп окуучуларынын жана ата-энелердин психологиясына тийгизген таасири .
87. Жогорку класстын окуучуларынын психологиялык өзгөчөлүктөрү
88. Үй бүлөдөгү балдар жана аларга көрүлгөн камкордуктар
89. Үй-бүлө жана балдар.
90. Окутуу менен үйрөнүүнүн, тарбиялоонун айырмачылыктары, окшоштуктары.